# МЕКТЕПКЕ КАБЫЛ АЛУУ ЖӨНҮНДӨ

**Урматтуу келечектеги биринчи класстардын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү)!**

2022-жылдын 15-июлдан 30-августка чейин М.Балбаков атындагы орто мектебинде бекитилген аймактарда жашаган балдарды 1-класска кабыл алуу башталат. МГга бекитилбеген территорияда жашаган балдар үчүн биринчи класска арыздарды кабыл алуу 2022-жылдын 16-майынан 15-августуна чейин жүргүзүлөт.

«Мектепке электрондук жазылуу» проектиси – бул мектеп жашына жеткен (6-7жаш) балдардын Кыргызстандын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүүчү уюмдарына биринчи класска жазылуу процессин автоматташтырууну камсыз кылуучу маалыматтык система.

«Мектепке электрондук жазылуу» системасын ишке ашыруу 6-7- жаштагы мектеп жашына жеткен баласын биринчи класска киргизүү үчүн mektep.edu.gov.kg Бирдиктүү электрондук реестринде каттоого КР ар бир жаранына мүмкүнчүлүк берет.

**«Мектепке электрондук жазылуу» автоматташтырылган маалыматтык системасында иштетилүүчү жеке маалыматтар**

«Мектепке электрондук жазылуу» автоматташтырылган маалыматтык системасында баланын, арыз берүүчүнүн/мыйзамдуу өкүлүнүн, КРнын жаранын жана чет жердик жарандын жеке маалыматтары иштетилет:

1. Аты-жөнү (баланын жана арыз берүүчүнүн);
2. Баланын жынысы;
3. Баланын туулган күнү, айы, жылы (мындан ары — датасы);
4. Арыз берүүчүнүн/мыйзамдуу өкүлүнүн байланыш телефондору;
5. Жашаган жеринен алынган маалымадамага туура келген жашаган жеринин адреси;
6. Арыз берүүчүнүн/мыйзамдуу өкүлүнүн электрондук адреси

МГга бекитилген терриятoрияда жашабаган балдар үчүн 1-класска кабыл алуу бош орун болгондо гана жүргүзүлөт.

**МГ-нын бекитилген кичи аймагы:**

Чиркей Секиев көч: 1-56-үйлөр;

Уста Турдуке көч.: 1-70-үйлөр;

Ак-Көкүл уч: 1-2-үйлөр;

Майстан уч:1 -үй;

Ала-Байтал уч: 1-2-үйлөр;

Тегерек-Кырчын: 1-2-үйлөр;

Жол-Колот: 1-үй;

Урматтуу ата-энелер, көрсөтүлгөн даректерде жашаган мектеп жашына чейинки курактагы балдардын тизмесин тактоо максатында, balaңыз тууралуу маалыматты үй комитетинин башчысына берүүңүздөрдү суранабыз.

Мектеп жашына чейинки курактагы балдардын ата-энелеринин мектептин кичи аймагында жашагандыгы документтик түрдө аныкталат.

1-класска кабыл алуу үчүн керектүү документтердин тизмеси:

1. баланын туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн оригиналы жана көчүрмөсү;
2. баланын жашаган жеринде катталгандыгы жөнүндө маалым кат;
3. ата-эненин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) паспортунун оригиналы жана көчүрмөсү;
4. мектепке кабыл алуу жөнүндө ата-эненин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) арызы;
5. Баланын медициналык картасы —№ 026 формасы;
6. Баланын эмдөө картасы —№ 063 формасы;
7. 3х4 өлчөмүндөгү баланын сүрөтү – 2 даана;
8. Окуучунун өздүк делосу (А5 форматы).